**Ж.Баласагын атындагы Улуттук университети жана КР Улуттук илимдер академиясынын Б.Юнусалиев атындагы Тил институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 10.24.700 диссертациялык кеңеште Д.М. Төлегенованын Түрк тилдериндеги фитонимдердин структура-семантикалык өзгөчөлүктөрү" 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине эксперттик комисиянын**

# КОРУТУНДУ ПИКИРИ

**Диссертациялык кеңеште корголо турган кандидаттык иштин адистикке тиешелүүлүгү.**

Төлөгөнова Дина Мелдебекказынын "Түрк тилдериндеги фитонимдердин структура-семантикалык өзгөчөлүктөрү" аттуу диссертациясы диссертациялык кеңештин багытына туура келет. Диссертациялык изилдөөдө каралган маселелер, иштин мааниси жана мазмуну 10.02.06 – түрк тилдери адистигинин профилине ылайыктуу.

Диссертация киришүүөн, төрт баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Жалпы көлөмү 223 бетти түзөт. Ар бир баптын соңунда жыйынтык чыгарылган. Иштин мазмунун чагылдырган киришүү жана корутунду бөлүмдөрүндө каралган маселелер жеткиликтүү илимий чагылдырылып берилген.

**2.Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Аталган илимий изилдөөнүн негизги максаты кыргыз тилиндеги фитонимдердин концептуалдык негизи жана лингвистикалык формасы бүтүндөй түрк тилдериндеги фитонимдик лексиканын пайдубалы катарында кызмат кылгандыгын аныктоо менен бирге кыргыз жана түрк тилдериндеги фитонимдик лексиканын тектик байланышын аныктап, алардын элдин этникалык аң-сезимине тийгизген таасирин конкреттүү мисалдардын негизинде далилдөө деп алдыгы төмөнкүдөй

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 10-24-35
« 11 » 04 2025 ж.г.

милдеттерди коет: Жалпы тил илиминде, түркологияда, анын ичинде казак, кыргыз тил илимдериндеги фитонимдерге байланыштуу иликтөөлөргө илимий сереп жүргүзүү; Түркологияда фитонимдердин орду жана тилдин тарыхый жактан өнүгүүсүнө тикеден-тике тийгизген таасирин аныктоо менен өсүмдүктөр дүйнөсүн чагылдырган лексикага семантикалык жактан мүнөздөмө берүү; Түрк тилдериндеги фитонимдердин келип чыгышындагы номинациянын принциптерин жана типтерин сыпаттоо; Түрк тилдериндеги өсүмдүктөр аталыштарынын семантикалык структурасын аныктоо; Байыркы өсүмдүк аталыштарынын семантикалык өзгөчөлүгүн кыргыз жана башка түрк тилдеринин алкагында салыштырып анализдөө; Түрк тилдериндеги фитонимдердин структуралык өзгөчөлүктөрүн жана негизги жасалуу жолдорун аныктоо жана сыпаттоо.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**

Өсүмдүктөрдүн аталышы тилдин базистик лексикасына киргендиктен, аларга структуралык-семантикалык, этимологиялык өңүттөн талдоо жүргүзүү тилдин өнүгүү тарыхы жөнүндө кенен маалымат берет. Ошол себептен түрк тилдеринин анын ичинде кыргыз тилинин тарыхый өнүгүүсүн фитонимдердин эволюциясы менен тыгыз карым-катышта изилдөө өтө маанилүү маселелердин бири. Фитонимдик лексика тилдин тарыхый өнүгүүсүнө түзмө-түз таасир тийгизүү менен бирге лексикалык кордун баюсуна негиз болгон деп айтууга толук негиз бар. Кыргыз тил илиминде кесиптик лексиканын алкагында өсүмдүк аталыштарынын айрым тематикалык топтору изилденгенин эске албаганда фитонимдер боюнча монографиялык изилдөө жокко эсе. Демек, өсүмдүктөр аталыштарынын семантикалык, структуралык өзгөчөлүктөрүн түрк тилдеринин фитонимдик корунун материалында комплекстүү жана системдүү түрдө изилдөө аркылуу кыргыз тарыхый лексикологиясындагы айрым боштуктарды толтурууга толук мүмкүн.

Фитонимдерди изилдөө иши түркологиянын теориялык маселелерин гана эмес, айрым терминологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө да таяныч материал

катары кызмат аткара алат. Өсүмдүктөр аталышын тектештирме-тарыхый өңүттөн изилдөө түрк тилдүү элдердин материалдык жана руханий маданиятын таанууда булак болуп берет. Фитонимдер лексикалык курамдын өзгөчө бөлүгү болуп саналгандыктан, ал көп кылымдык тарыхка ээ жана алардын калыптанышы ар кайсы тарыхый доордо ар түрдүүчө жүргөндүгү анык. Мына ушул сыяктуу жагдайлар аталган диссертациялык иштин актуалдуулугунан кабар берет.

**Диссертациянын илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессор Т. Ахматов атындагы кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирген.

**4. Илимий жыйынтыктары катары** кыргыз тилиндеги жана жалпы түрк тилдер системасындагы фитонимдердин тектештирме-тарыхый өңүттөн кандидаттык диссертациянын денгээлинде изилденгендигин белгилөөгө болот. Кыргыз тилиндеги байыркы фитонимдик катмардын жалпы эле түрк тилдериндеги фитонимдик катмардын калыптануусуна олуттуу таасири жана жалпы түрк тилдериндеги фитонимди архетиптердин кыргыз тилинде сакталуусун байыркы фитонимдерди алкагында кенири иликтөө жүргүзүү да саамалык катарында каралган. Кыргыз жана түрк тилдериндеги фитонимдик өнүмдүү морфемалар алгачкы жол фитонимдик форма катары системалуу түрдө салыштыра талданып, фитоним системасындагы тарыхый лексика экендигин далилдеген.

**4.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга бериле турган жаңылыгы.**

Иштеги алынган теориялык жаңы натыйжаларга түрк тилдериндеги фитонимдердин реестринин түзүлүшү, түрк тилдерине орток элдик ботаникалык аталыштардын номинациясындагы принциптер, структуралык-

семантикалык өзгөчөлүктөрүнүн изилдениши илимий жаңылыктардын катарыны кирет.

**4.2. Диссертацияга берилген ар бир илимий натыйжанын (жобонун) жана тыянак, корутундунун негизделүү жана тастыкталуу даражасы. Коргоого сунушталган негизги жоболор:**

**1-жобо.** Адамдын ой жүгүртүүсү менен түшүнүгү өнүккөн сайын фитоним да өз маанисин кеңейте баштайт. Фитонимдин мааниси ошол заттын дал өзүн таанытпастан, ал тилди алып жүрүүчүлөрдүн дүйнө таанымын таанытат.

**жобо.** Түрк тилдериндеги байыркы фитонимдик катмар кыргыз тилиндеги фитонимдик кордун концептуалдык негизин түзөт.

**жобо.** Кыргыз тилиндеги өсүмдүктөр дүйнөсүн чагылдырган лексика жалпы семанын негизинде лексика-семантикалык байланыштагы семантикалык талаага биригет. Лексика-семантикалык топтун негизин жалпы түрк тилдерине орток фитонимдер түзөт. Бирок кыргыз тилине гана мүнөздүү фитонимдер да бар.

**-жобо.** Өсүмдүктөр аталыштарындагы номинация процесси адамдардын таанып-билүү жана таксономиялык ишмердиги менен байланышкан. Номинация процессинде өсүмдүктөрдүн реалдуу белгилери (түсү, даамы, жыты, бийиктиги, түзүлүшү, бөлүктөрү, жалбырагынын формасы, жештүүлүгү, дарылык касиети ж.б.) негизги белги катары алынган.

**жобо.** Түрк тилдериндеги фитонимдер түзүлүшү боюнча тубаса, туунду, жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Кыргыз тилиндеги байыркы фитонимдик катмардын жалпы түрк тилдериндеги фитонимдик лексикасынын өнүгүүсүндөгү динамикалык ролу жана түрк тилиндеги байыркы архетиптердин Фоносемантикасынан ачык көрүнөт.

**4.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүгө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы**

**1-жобо** жаңылык катары эсептелет.

**2-жобо** жаңылык катары эсептелет.

**3-жобо** жаңылык катары эсептөөгө болот.

**4-жободогу** маселени 1-жобого бириктирип караса болот. 1 жана 4-жободогу маселелер бир эле маселеги түшүндүрүп турам.

**5-жободогу** биринчи сүйлөмдү алып салуу керек. Лексикология обьектисинде, кайсы гана тармакты албайлы сөздөрдүн түзүлүшү туунду жана тубаса, жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөрү белгилүү. Калган экинчи сүйлөмдөн баштап калтырса болот. Жаңылык катары эсептелет.

**4.4. Квалификациялык белгилерге дал келиши.**

***1. Диссертациялык жыйынтыктарынын мүнөзү.***

1.2. Илимий чөйрөсүнө жана темасына жараша өлкөнүн экономикасы үчүн олуттуу мааниге ээ илимий жактан жаңы негизделген техникалык экономикалык же техникалык иштеп чыгууларды түшүндүрүү.

***2. Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылдык деңгээли.***

2.1. Жыйынтыктары жаны деп эсептелет.

***3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу.***

3.1. Жогору.

***4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы.***

4.1. Тема тармактык программага, илимидер акадмиясынын же мекеменин тематикалык планына кирет.

***5. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу денгээли.***

5.1. Тармактын масштабында

***6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кенири пайдалануу боюнча сунуштар.***

6.1 Кеңири пайдаланууну талап кылат

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Биринчи кезекте кыргыз жана ошондо Теориелие при прості болу эле жалпы түрк тилдериндеги фитонимдердин концептуалдык мазмуну менен байланыштуу айтмакчыбыз. Изилдөөгө алынган конкреттүү факт материалдар кыргыз тилинин семантикалык мүмкүнчүлүгүн так чагылдыру менен бир катарда тилдик структура катарында тарыхый өнүгүүсүн көрсөт алат. Иште талдоого алынган тилдик материалдарды кыргыз тилини лексикасынын тарыхый катмарларын терең анализдөөгө жана фитонимияны морфемалык түзүлүшүн тарыхый жактан изилдөөдө кенири пайдаланууга болс Аталган илимий изилдөө фитонимдик теорияны тарыхый жактан маалыматтар менен толуктайт. Иште жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү түркологи салыштырма грамматика жана тилдердин ареалдык типологиясын окуп үйрөтүү багытында, түрк тилдеринин тарыхый грамматикасы боюнча изилдөө иштеринде, тарыхый фонетика тармактарында пайдаланууга болот.

**6. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жаркый жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы (илимий макалалары)**

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**

1. Толегенова, Д. М. Фитонимдик семантика [Текст] / Д. М. Төлегенова //

И

А

р

а

2. Төлегенова, Д. М. Фитонимдердин опептологиялык негиздери [Текст] /

Д

б

а

3. Төлегенова, Д. М. Фитонимы в тюркологии [Текст] / Д. М. Төлегенова // Бюллетень науки и практики. 2021. Т.7. №5. С. 595-599.

4. Төлегенова, Д. М. Историческое формирование кыргызской фитонимии [Текст] / Д. М. Төлегенова // Бюллетень науки и практики. 2021. -Т.7. No5. С.

5. Толегенова, Д. М. Морфологические особенности фитонимического пластоотложения в тюркских языках [Текст] / Д. М. Толегенова //Эпоха науки. 2021. №26. С. 171-173 https://elibrary.ru/item.asp?id=46251958

6. Толегенова, Д. М. Семантика названий растений в общетюркской топонимии [Текст] / Д. М. Төлегенова // Эпоха науки. 2021. - №26. - С. 174-177,

7. Толегенова, Д. М. Түрк тилдериндеги фитонимдик семантиканын диахрониясы [Текст] Д. М. Төлегенова // Alatoo Academic Studies. -Ne 4. C.

8. Толегенова, Д. М. Фитонимдер лингвистиканын объектиси катарында [Текст] / Д. М. Толегенова // Alatoo Academic Studies. 2022. № 1 С. 264-269.

9. Толегенова, Д. М. Емдік өсімдіктер және олардың шығу этимологиясы [Текст] / Д. М. Толегенова // Мат. межд. науч.-практ. конф. «Современные тренды педагогического образования». Шымкент, 2020. С. 152-156.

10. Толегенова, Д. М. Қазақ тіліндегі емдік өсімдік атаулары, жасалу жолдары [Текст] / Д. М. Толегенова // Мат. межд. науч.-практич. конф. «Бектаевские национальной чтения-3: Сохранение уникальности систематизированные методы развития педагогических учебных заведениях». Шымкент. 2018. I том. С. 455-458. ISBN 978-601-279-106-8

11. Толегенова, Д. М. Қазақ тіліндегі емдік осімдік атауларының жиналуы мен калыпттасуы [Текст] / Д. М. Толегенова // Наука и жизнь Казахстана. Астана, 2018. «№3(58). С. 253-255. ISAN 2073 X

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну кайсыга чагылдылган. Автореферат негизинен дссертацияга шайкеш келет.

**8. Диссертациялык иштеги айрым мүчүлүштүктөр**

Алтындын уңгусу "алт" деп берет да алты гана сөзү экөө бир уңгудан жаралган, экөө тектеш деп берет. Бул эки сөз эч кандай бир уңгудан жаралган эмес. Байыркы түрк тилинде, сөздөрүндө, Сеортяндын этимологиялык сөздүгүндө **ал** "кызыл" **тун** "жез" деп кездешет. Мындай тескөөчү факты-материалдарга таянуу керек.же болбосо Элдик этимология болуп калат.

. 68, 70 бетте уңгулардын жасалышы схема түрүндө көрсөтүлгөн. Менин оюмча ошол схемага номер койулуп, бул схеманы эмнеге түзгөндүгү жөнүндө анализ жүргүзүп берсе жакшы болмок.

. Кожогат К.К.Юдахин орус тилине кирген "клубника" сөзүнөн кирген дейт. Муну кароо керек балким кыргыз тилинен кирип жүрбөсүн.

. Фитонимдер боюнча өзгөчө байыркы түрк, кыргыз жана казак тилинде салыштыруулар каралган муну корутундуда өзгөчөлүктөрүн, айырмасын, катышын конкреттүү берүү керек.

. Техникалык каталар орун алган.

. Диссертацияда түрк тилдериндеги фитонимдер деп белгилейт да кыргыз тилиндеги фитонимдерге гана анализ жасайт. Казак фитонимдери боюнча анализдер аз берилген.

. Киришүүнү кыскартуу керек. Андагы тилчи окумуштуулардын изилдөөлөрүн жана маалыматтарын теориялык маселелерге кошуп койсо болот..

**9. Илимий ишке жетектөөчү мекме**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссия тарабынын Д.М. Төлегенованын диссертациялык иши боюнча жетектөөчү мекеме катары төмөнкү жогорку окуу жайы сунушталат:

**Жетектөөчү мекеме катары -** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик унверситетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасы (722200, Каракол шаары, Ж.Абдрахманов көчөсү, 103).

**Расмий оппоненттер:**

**Усмамбетов Баяман Жунушбекович** – К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз теориясы кафедрасынын башысы

**Эмгектери:**

Особенности Семантические глаголов В словаре Махмуда Кашкари «Диван лугат ат-турк» и их соотношение с глаголами современного кыргызского языка. [Текст] Б.Ж.Усмамбетов //Символ науки г. Уфа, 2019, № 2 часть №3, 105-108 сс. (253 с.).

2. Лексико-семантические особенности некоторых слов в «Диване» Махмуда имеющих Кашгари, место В кыргызском языке. [Текст] /Б. Ж. Усмамбетов //ПГЛУ вестник г. Пятигорск, 2020, №2,65-68 сс. (323 с.).

3. Махмуд Кашгаринин "Диваны" жана кыргыз тилине болгон катыштыгы [Текст] / Б.Ж. Усмамбетов //БГУнун жарчысы. 2016. № 1 (35). 16-18 бб.б. (293 б.).

4. Махмуд Кашгаринин "Дивану лугат ат-түрк" эмгегиндеги айрым аспап-шаймандардын лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү [Текст] / Б.Ж. Усмамбетов //ЫМУнун жарчысы. - 2016. №2, 97-100 б.б., (201 б.).

**Давлатова Жамаловна Сара** филология илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик университетинин факультеттер кыргыз аралык тили кафедрасынын доценти

**Эмгектери:**

1. Названия животных в словаре М.Кашкари "Дивану лугати т-тюрк" и их использование В современном кыргызском языке. Bulletin of Science and Practice. Scientific Journal. 2021, Т.7. №8. – С. 425-432.

2. Названия еды, питания В произведении М.Кашгари "Диван Лугат ат-турк" использование современном кыргызском их В языке. Bulletin of Science and Practice. Scientific Journal. 2022, Т.8. №7. – С. 256-264.

3. М. Кашкаринин "Дивану лугати-т эмгегиндеги түрк" узчулукка байланышкан сөздөр азыркы кыргыз тилинде колдонулушу // «Түрк элдеринин руханий интеграциясы: тил, адабият, маданият» аттуу эл аралык илимий-теориялык конференциянын материалдары. 2024. С. 376-384. Ош,

4. Махмут Кашкаринин "Дивану лугати-т түрк" сөздүгүндөгү өсүмдүктөрдүн аттарынын кыргыз азыркы тилинде колдонулуу деңгээли //Актуальные проблемы теоретической и прикладной филологии. XII Международная научная конференция (г.Уфа, 25 апреля 2024 г.)

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«08» 04 2025 ж.

К.Карасаев атындагы Бишкек
мамлекеттик университетинин Кыргыз
жана Түрк тилдеринин теориясы
кафедрасынын башчысы Усмамбетов Б.Ж.

08.04.2025-ж

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тасты тастыктайм:

Окумуштуу катчы,
Филология илимдеринин кандидаты, доцент С.К. Каратаева

Окумуштуу катчынын колун тастыктайм:
КБнын башчысы